«Айыл кечи»

Сөзү: Асанбекова Лариса Шейшеналиевна

Обону: Печенный Валерий

Бак-дарак гүлдөп гүлүн ачкан,

Алма-өрүк аппак гүлүн чачкан.

Сагындым жыпар айыл кечин,

Кызарып ысык күндүн баткан.

Чымчыктарым сулуу чырылдашкан,

Агарып таң чыгыш жактан.

Сагындым айыл аппак таңын,

Күн нурун жерге жылуу чачкан.

Кайырма:

Ташкыны дайралардын,

Күкүктүн сайраганы.

Кызгалдак талаа, түздө,

Кызарып жайнаганы.

Кар кетип, суулар ташып аккан,

Чөп чыгып, күн нурун чачкан.

Сагындым жашыл көктөм жазын,

Кызарып тоого күндүн баткан.

Бак-дарак гүлдөп гүлүн ачкан,

Алма-өрүк аппак гүлүн чачкан.

Сагындым жыпар айыл кечин,

Кызарып ысып күндүн баткан.